МЦР

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2021-жылдын 15-ноябры, № 257

## Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кээ бир маселелери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 425 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү жөнүндө» Жарлыгына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

4) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы жөнүндө жобо 4-тиркемеге ылайык;

5) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаменти жөнүндө жобо 5-тиркемеге ылайык;

6) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 6-тиркемеге ылайык;

7) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын уставы 7-тиркемеге ылайык;



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 15 ноября 2021 года № 257

## О некоторых вопросах Министерства цифрового развития Кыргызской Республики

В соответствии с Указом Президента Кыргызской Республики «О структуре и составе Кабинета Министров Кыргызской Республики и структуре Администрации Президента Кыргызской Республики» от 12 октября 2021 года № 425, статьями 13 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить:

1) Положение о Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 1;

2) схему управления Министерства цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 2;

3) Положение о Службе по регулированию и надзору в отрасли связи при Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 3;

4) Положение об Архивной службе при Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 4;

5) Положение о Департаменте регистрации населения и актов гражданского состояния при Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 5;

6) Положение о Государственном учреждении «Унаа» при Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 6;

7) Устав Государственного предприятия «Инфоком» при Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 7;

8) Устав Государственного предприятия «Кыргыз почтасы» при Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики согласно приложению 8.

8) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын уставы 8-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 «Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- $5^2$-пункту «Инфосистемс» мамлекеттик ишканасына» деген сөздөрдөн кийин «жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу мамлекеттик ишканаларга» деген сөздөр менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июнундагы № 17 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 3-пунктунун 1 жана 2-пунктчалары жана 5-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

– жогоруда аталган токтомдун 1-8-тиркемелери күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги белгиленген тартипте:

– ушул токтомго ылайык келтирүү максатында ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизсин;

– ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Төрага** **А.У. Жапаров**

2. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об упорядочении деятельности государственных предприятий» от 11 сентября 2019 года № 468 следующее изменение:

– пункт $5^2$ после слов «при Министерстве финансов Кыргызской Республики» дополнить словами «и государственные предприятия при Министерстве цифрового развития Кыргызской Республики».

3. Внести в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О вопросах Министерства цифрового развития Кыргызской Республики» от 1 июня 2021 года № 17 следующие изменения:

– подпункты 1 и 2 пункта 3 и пункт 5 признать утратившими силу;

– приложения 1–8 к вышеуказанному постановлению признать утратившими силу.

4. Министерству цифрового развития Кыргызской Республики в установленном порядке:

– в месячный срок внести на рассмотрение Кабинета Министров Кыргызской Республики проекты нормативных правовых актов в целях приведения в соответствие с настоящим постановлением;

– принять необходимые меры, вытекающие из настоящего постановления.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель** **А.У. Жапаров**